<table>
<tr><td rowspan="3"></td><td colspan="3">Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги<br>С.Нааматова атындагы Нарын мамлекеттик университети<br>Чет тилдери жана компьютердик системаларды программалоо колледжи</td><td rowspan="2">СБС ЖЖ 1.10-2025</td></tr>
<tr><td colspan="3">САПАТ БОЮНЧА ЖЕТЕКЧИЛИК</td></tr>
<tr><td>Чыгарылышы 2</td><td>Өзгөрүү 1</td><td>Экземпляр № 1</td><td>Барак 1/6</td></tr>
</table>

**БЕКИТЕМИН**

**Чет тилдери жана компьютердик системаларды программалоо колледжинин директору**

______________ **Б.М. Оемонова**

«_7_»___10_____ 2025 г.

# САПАТ МЕНЕДЖМЕНТ СИСТЕМАСЫ

## Чет тилдер жана компьютердик системалардагы программалоо колледжинин орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасы жөнүндө

## ЖОБО

**СБС ЖЖ 1.10-2025**
**2-Чыгарылыш**

**Нарын- 2025**

## КИРИШҮҮ

1. Негизги кесиптик билим берүү программасы (НКБП) жөнүндөгү Жобо С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин Чет тилдер жана компьютердик системалардагы программалоо колледжинин Окуу методикалык кеңеши тарабынан иштелип чыккан.
2. С. Нааматов атындагы НМУнун ЧТКСП колледжинин Педагогикалык кеңешинин жыйынында каралып жана жактырылган: 2025-ж. «7» 10, №2 протокол. Директордун 2025-ж. «3» 09, №108/69 буйругу менен ишке киргизилген.
3. Сапат боюнча колдонмо ISO 9001:2015 стандартынын талаптарына жооп берет.
4. С. Нааматов атындагы НМУнун ЧТКСП колледжинин жетекчилигинин уруксатысыз бул документти башка жактарга берүүгө, кайра иштеп чыгууга жана көчүрмөсүн алууга (көбөйтүүгө) тыюу салынат.

## 1. Жалпы жоболор

**1.1.** Орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасы жөнүндөгү Жобо (мындан ары — Жобо) орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү программаларынын курамын, долбоорлоо тартибин, бекитилишин, жаңылануусун жана жабылышын аныктайт.

**1.2.** Бул Жобо төмөнкүлөрдүн негизинде иштелип чыккан:

- «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык
- Орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттары (мындан ары — ОКББ МББС);
- С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин Уставы
- НМУнун ички ченемдик документтери жана Колледждин Жобосу.

**1.3.** Орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасы (мындан ары — ОКББ НКБП) тиешелүү ОКББ МББСнын негизинде, аймактык эмгек рыногунун муктаждыктарын, билим берүү керектөөлөрүн жана билим алуучулардын суроо-талаптарын эске алуу менен иштелип чыккан, өз ара байланышкан документтердин комплекси түрүндө берилет.

**1.4.** ОКББ НКБП максаттарын, мазмунун жана ишке ашыруу шарттарын жөнгө салат. ОКББ НКБП илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиялардын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүшүн эске алуу менен жаңыланып турат.

**2. Орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын курамы**

**2.1. ОКББ НКБПнын курамына төмөнкүлөр кирет:**

- Негизги билим берүү программасынын жалпы мүнөздөмөсү;
- НКБПнын бүтүрүүчүсүнүн модели;
- НКБПны өздөштүрүүнүн натыйжасында калыптануучу бүтүрүүчүнүн компетенциялары;
- НКБПны ишке ашырууда билим берүү процессинин мазмунун жана түзүмүн жөнгө салуучу документтер;
- НКБПны ресурстук камсыздоо;
- Социалдык-маданий чөйрөнүн мүнөздөмөсү;
- Студенттердин НКБПны өздөштүрүү сапатын баалоо системасы;
- Иш берүүчүлөрдүн рецензиялары.

**Негизги билим берүү программасынын жалпы мүнөздөмөсү** Билим берүү программасынын жалпы мүнөздөмөсү төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Негизги билим берүү программасынын багыты;
- ОКББ НКБПнын билим берүү максаттары;
- Бүтүрүүчүлөргө берилүүчү квалификация, ОКББ НКБПнын багыты (профили);
- ОКББ НКБПнын негизги көрсөткүчтөрү (өздөштүрүү мөөнөттөрү, окутуу формалары, кредиттик сааттардагы эмгек сыйымдуулугу);
- ОКББ НКБПнын окутуудан күтүлүүчү натыйжалары;
- ОКББ НКБПны өздөштүргөн бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн мүнөздөмөсү;
- Эмгек рыногунда орун алуу көз карашынан ОКББ НКБПнын артыкчылыктарын жана өзгөчөлүктөрүн сыпаттоо;
- Абитуриентке коюлган талаптар.

**2.2. НКБП бүтүрүүчүсүнүн модели**

- Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүк чөйрөсү;
- Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн объекттери;
- Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрлөрү;
- Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн милдеттери.

**2.3. Бул ОКББ НКБПны өздөштүрүүнүн натыйжасында калыптануучу бүтүрүүчүнүн компетенциялары.**

- Бүтүрүүчүнүн пландаштырылган компетенцияларынын тизмеси (бүтүрүүчүнүн компетенттик модели);
- Окутуунун максаттары менен натыйжаларынын өз ара байланышы;
- ОКББ НКБПнын компетенциялар матрицасы; (НКБПнын компетенциялар матрицасы билим берүү программасынын мазмуну менен пландаштырылган компетенттик билим берүү натыйжаларынын ортосундагы түзүмдүк-логикалык байланыштардын чагылдырылышы болуп саналат).

**2.4. НКБПны ишке ашырууда билим берүү процессинин мазмунун жана уюштурулушун жөнгө салуучу документтер**

- **Окуу процессинин графиги** Окуу процессинин графигинде ар бир окуу жылынын алкагында окутуу жылдары (курстар) боюнча окуу ишмердүүлүгүнүн түрлөрүн ишке ашыруу мезгилдери жана каникулдардын мөөнөттөрү көрсөтүлөт.
- **Окуу планы** Окуу планында дисциплиналардын (модулдардын), практикалардын, студенттердин мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясынын сыноолорунун тизмеси, окуу ишмердүүлүгүнүн башка түрлөрү, алардын көлөмү кредиттик бирдиктерде, ирееттүүлүгү жана окуу мезгилдери боюнча бөлүштүрүлүшү көрсөтүлөт. Окуу планында студенттердин окутуучу менен контакттык ишинин (окуу сабактарынын түрлөрү боюнча) жана студенттердин өз алдынча ишинин көлөмү бөлүнүп көрсөтүлөт. Ар бир дисциплина (модуль) жана практика үчүн студенттерди аралыктык аттестациялоо формасы белгиленет.
- **Дисциплиналардын жумушчу программалары жана ОУК (силлабус, окуу методикалык куралдар ж.б.)** Дисциплиналардын жумушчу программалары жана силлабустары окуу планындагы бардык дисциплиналар үчүн иштелип чыгат. Дисциплиналардын жумушчу программалары студенттердин учурдагы жетишүүсүн жана аралыктык аттестацияны көзөмөлдөө үчүн баалоо каражаттарын камтышы керек.
- **Практикалардын программалары** Практикалардын программалары ОКББ НКБПда каралган практиканын бардык түрлөрү үчүн иштелип чыгат. Практикалардын программалары студенттердин учурдагы жетишүүсүн жана аралыктык аттестацияны көзөмөлдөө үчүн баалоо каражаттарын камтышы керек.
- **Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациянын программалары** Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациянын программасы ОКББ НКБПнын ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана өзүнө мамлекеттик экзамендин программасын, бүтүрүүчү квалификациялык иштерге коюлган талаптарды, мамлекеттик экзамендерди тапшыруунун же бүтүрүүчү квалификациялык иштерди коргоонун натыйжаларын баалоо критерийлерин камтыйт.
- **НКБПны ресурстук камсыздоо:** Окуу китептери жана окуу методикалык куралдар менен камсыздоо, электрондук-китепкана системасы; материалдык-техникалык камсыздоо; НКБПны ишке ашырууну кадрдык камсыздоо; электрондук маалыматтык-билим берүү чөйрөсү.

**2.5. Студенттердин өздөштүрүү сапатын баалоо системасы.**

- Студенттердин НКБПны өздөштүрүү сапатын баалоо системасын ченемдик-усулдук камсыздоо. НКБП боюнча баалоо каражаттарынын фондун калыптандыруу.

**2.6. Иш берүүчүлөрдүн рецензиялары**

- Потенциалдуу иш берүүчүлөр, алардын ОКББ НКБПны долбоорлоого жана ишке ашырууга катышуусу жөнүндө маалыматтар келтирилет.

**3. ОКББ НКБПны долбоорлоо, бекитүү, жаңылоо жана жабуу тартиби**

**3.1.** ОКББ НКБП тиешелүү даярдоо багыты (адистиги) жана багыты (профили) боюнча мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарын эске алуу менен долбоорлонот.

**3.2.** Программаны долбоорлоо ОКББ НКБПнын жетекчиси тарабынан түзүлгөн иштеп чыгуучулар тобу тарабынан жүзөгө ашырылат. Долбоорлоо үчүн ОКББ НКБПнын жетекчиси жоопту болуп саналат.

**3.3.** Билим берүү программасы кеминде үч негизги иш берүүчү менен макулдашылат.

**3.4. Цикл деңгээлинде төмөнкүлөр иштелип чыгат:**

- ОКББ НКБПнын мүнөздөмөсү;
- ОКББ НКБПнын компетенциялар матрицасы;
- Окуу планы;
- календардык окуу графиги;
- Бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясынын программасы;
- ОКББ НКБПны ишке ашыруу шарттары;
- ОКББ НКБПнын дисциплиналарынын жумушчу программалары, силлабустары жана ОМКлары;
- Практикалардын программалары;
- Билим берүү программасын ишке ашырууда колдонулуучу билим берүү технологиялары;
- Учурдагы жетишүүнү көзөмөлдөө жана аралыктык аттестацияны өткөрүү үчүн баалоо каражаттары.

**3.5. ОКББ НКБПны долбоорлоо этаптары:**

- **Биринчи этапта** ОКББ НКБПны өздөштүрүүнүн натыйжасында жетишиле турган акыркы максаттар (билим берүү максаттары жана окутуунун натыйжалары) аныкталат;
- **Экинчи этапта** билим берүү программасынын компетенциялар матрицасы, окуу планы, календардык окуу графиги, дисциплиналардын жумушчу программалары, практикалардын программалары, МЖА программасы иштелип чыгат.

**3.6.** ОКББ НКБПнын долбоору Колледждеги Окуу методикалык кеңеш тарабынан каралууга жана жактырылууга тийиш. Колледждин окуу методикалык кеңешине ОКББ НКБПны иштеп чыгуучулар төмөнкүлөрдү сунушташат:

- Колледж кеңешинин жыйынынан ОКББ НКБПны жактыруу жөнүндө протоколдун көчүрмөсү;
- Документтердин толук курамын камтыган кагаз жана электрондук алып жүрүүчүлөрдөгү долбоор; окуу планы жана окуу процессинин графиги Колледждин окуу методикалык кеңешинин төрагасынын визалары менен сунушталат.
- Колледждин окуу методикалык кеңеши ОКББ НКБПнын долбоорун жактыруу жөнүндө чечим кабыл алат жана эксперттик корутундуну бекитет. Эксперттик корутунду Окуу методикалык кеңеш тарабынан аныкталган эксперт (эксперттик топ) тарабынан даярдалат.

**3.7.** ОКББ НКБПны бекитүү жөнүндө чечим Колледждин негиздөөчүсү, Педагогикалык кеңештин жыйыны тарабынан кабыл алынат, иштеп чыгуучу төмөнкүлөрдү сунуштайт:

- Колледждин Окуу методикалык кеңешинин жыйынынан ОКББ НКБПны ачууну жактыруу жөнүндө протоколдун көчүрмөсү;
- Колледждин Окуу методикалык кеңеши тарабынан бекитилген, ОКББ НКБПнын талаптары ОКББ МББСна шайкештиги жөнүндө эксперттик корутунду;
- ОКББ НКБПнын документтери кагаз жана электрондук алып жүрүүчүлөрдө.

**3.8.** Педагогикалык кеңеш тарабынан ОКББ НКБПны бекитүү жөнүндө чечим кабыл алынгандан кийин, программанын титулдук барагына Колледж кеңешинин төрагасы — Колледждин директорунун колу коюлуп, тиешелүү жазуу жазылат, ошондой эле С. Нааматов атындагы НМУнун ректору тарабынан бекитилет.

**3.9.** ОКББ НКБПнын документтер топтомунун кагаз жүзүндөгү түп нускасы жана анын электрондук версиясы ОКББ НКБПнын жетекчисинде сакталат. Колледжде ОКББ НКБПнын электрондук версиялары сакталат.

**3.10.** Негизги билим берүү программаларынын тизмеси, алардын бекитилиши, даярдоо багыттары боюнча ОКББ НКБП жетекчилерин дайындоо колледж директорунун буйругу менен бекитилет.

**3.11. ОКББ НКБП жыл сайын жаңыланып турат.** ОКББ НКБПны жаңылоого төмөнкүлөр негиз болот:

1. ОКББ МББСнын талаптары;

2. Илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиялардын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүүсү;
3. НКБП жетекчисинин же программанын окутуучуларынын сунуштары;
4. ОКББ НКБПнын сапатын ички баалоонун жана (же) тышкы баалоонун натыйжалары;
5. Билим берүү программасын ишке ашыруу шарттарынын объективдүү өзгөрүшү;
6. Башка негиздер. Жаңылоолор ОКББ НКБПнын тиешелүү түзүмдүк элементтеринде чагылдырылат. ОКББ НКБПны жаңылоо жөнүндө чечим Колледждин Педагогикалык кеңеши жана Окуу методикалык кеңеши тарабынан кабыл алынат.

**3.12. Билим берүү программасы колледж тарабынан ишке ашырылып жаткан программалардын тизмесинен төмөнкү учурларда чыгарылышы мүмкүн:**

- Үч жыл бою ОКББ НКБПга абитуриенттерди кабыл алуу болбогон учурда;
- Эгерде ОКББ НКБПнын сапатын тышкы же ички баалоо процедураларынын натыйжасында анын сапаты төмөн экендиги жөнүндө корутундулар алынса, программаны ишке ашырылып жаткан программалардын катарынан чыгаруу чечимин Колледждин негиздөөчүсү жана НМУнун Окумуштуу кеңеши кабыл алат.

**4. Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарды окутуу үчүн ылайыкташтырылган ОКББ НКБП**

**4.1.** Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын билим алуусун камсыздоо үчүн ОКББ НКБП ылайыкташтырылышы мүмкүн. Ылайыкташтырылган ОКББ НКБПны ишке ашыруу үчүн төмөнкү документтер берилиши керек:

- Студенттин (же мыйзамдуу өкүлүнүн) арызы;
- Медициналык мекеменин психологиялык-медициналык-педагогикалык комиссиясынын (мындан ары – ПМПК) корутундусу.

**4.2.** ПМПКнын корутундусунда төмөнкүлөр көрсөтүлүшү керек:

- Билим алуучуга сунушталган окуу жүктөмү (жумасына канча күн, күнүнө канча саат);
- Техникалык шарттар менен жабдуу (зарыл болгон учурда);
- Окуу процессинде ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) коштоосу жана (же) катышуусу (зарыл болгон учурда);
- Адистерди көрсөтүү менен билим алуучуну психологиялык-педагогикалык коштоону уюштуруу (зарыл болгон учурда).

**4.3. Билим берүү программасын ылайыкташтыруу төмөнкү багыттар боюнча жүргүзүлүшү мүмкүн:**

- Окуу жана коммуникациялык көндүмдөрдүн бузулушун кошумча жекече коррекциялоо, кесиптик жана социалдык адаптациялоо үчүн ОКББ НКБПнын вариативдик бөлүгүнө атайын адаптациялык дисциплиналарды (модулдарды) киргизүү;
- Башка студенттер менен толук кандуу инсан аралык мамилелерди орнотууга жардам берүү жана студенттик топдо жагымдуу психологиялык чөйрөнү түзүү максатында окутуунун социалдык-активдүү жана рефлексивдүү методдорун, социалдык-маданий реабилитация технологияларын колдонуу;
- Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген билим алуучулар алардын ден соолугунун абалына ылайыкташтырылган формадагы басма жана электрондук билим берүү ресурстары менен камсыз кылынат;
- Практика өтүүчү жайларды аныктоодо жеке реабилитациялык программаларда чагылдырылган медициналык-социалдык экспертизанын сунуштары эске алынышы керек. Зарыл болгон учурда кесиптик мүнөзгө жана ишмердүүлүктүн түрүнө жараша атайын жумушчу орундары түзүлүшү мүмкүн;
- Билим берүү программасында билим алуучулардын пландаштырылган натыйжаларга жетүүсүн баалоого мүмкүндүк берүүчү ылайыкташтырылган баалоо каражаттарынын фонддору берилиши мүмкүн. Билим алуучуларды аттестациялоо формалары жеке психофизикалык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен белгиленет;
- Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген билим алуучулар конкреттүү окуучунун өзгөчөлүктөрүн жана билим берүү муктаждыктарын эске алуу менен белгиленген мөөнөттө жеке окуу планы боюнча билим ала алышат. Жеке окуу графигин түзүүдө сабактарды өткөрүүнүн ар кандай варианттары каралышы мүмкүн.

## 5. ОКББ НКБП жөнүндө маалыматты коомчулукка жеткирүү

**5.1.** Негизги билим берүү программасы жөнүндө маалыматтар Колледждин расмий сайтында жайгаштырылууга тийиш жана төмөнкү маалыматтарды камтышы керек:

- Билим берүү деңгээли жөнүндө;
- Окутуу формалары жөнүндө;
- Ченемдик окуу мөөнөтү жөнүндө;
- Негизги билим берүү программасынын сыпаттамасы жана анын көчүрмөсү;
- Окуу планы жана анын көчүрмөсү;
- Дисциплиналардын жумушчу программаларынын аннотациялары (негизги билим берүү программасынын курамындагы ар бир дисциплина боюнча) жана алардын көчүрмөлөрү;
- Каледардык окуу графиги жана анын көчүрмөсү;
- Билим берүү процессин камсыздоо үчүн университет тарабынан иштелип чыккан усулдук жана башка документтер жөнүндө;

- Тиешелүү билим берүү программасында каралган окуу предметтерин, курстарды, дисциплиналарды (модулдарды) жана практикаларды көрсөтүү менен ишке ашырылып жаткан ОКББ НКБПлар жөнүндө.

**5.2.** ОКББ НКБП жөнүндө маалыматтар өзгөртүүлөр киргизилгенден кийин он күндөн кечиктирилбестен жаңыланып турат.